Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университети жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Б.Джамгерчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институтуна караштуу Д 07.23.671 диссертациялык кеңештин эксперти, тарых илимдеринин доктору Жакыпбеков Жаныбек Жакыпбекович Жумалиева Венера Боронбаевнанын “Жусуп Абдрахмановдун мамлекеттик ишмердүүлүгү” деген темадагы 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясына берген

КОРУТУНДУСУ

**1. Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши.**

Сунуш кылынган кандидаттык диссертация диссертациялык кеңештин профилине туура келет.

Иште 07.00.02 Ата Мекен тарыхы адистигинин паспортуна, адистиктин паспортунун пункттарын көрсөтүү менен толук жооп берүүчү Жусуп Абдрахмановдун мамлекеттик ишмердүүлүгүнө ар тараптуу изилдөө жүргүзүлгөн.

Иштин максаты катары Жусуп Абдрахмановдун өмүр жолу аркылуу Кыргызстанда совет мамлекетинин түптөлүү жана калыптануу мезгилиндеги тарыхына илимий негизде изилдөө жүргүзүү болуп эсептелет.

Коюлган максат диссертацияда төмөндөгү милдеттерди аткаруу менен чечилген:

1. Илимий изилдөөнүн тарыхнаамалык жана булактык маалыматтарына талдоо жүргүзүү;
2. Жусуп Абдрахмановдун ата-теги, бир туугандары, билим алуусу жана ата-энеси менен Кытайга качкан мезгилдери анализге алынган;
3. Жусуп Абдрахмановдун Кызыл Армиядагы, комсомолдогу жана советтик партиялык ишмердүүлүгү талдоого алынып, анын ар тараптуу кошкон салымын иликтенген;
4. Жусуп Абдрахмановдун 1920-жылдардагы Кыргызстанда улуттук мамлекеттүүлүктү калыбына келтирүү жана аны өнүктүрүү иштери дыкат изилдөөгө алынган;
5. Кыргыз Советтик Социалисттик Автономиялуу Республикасынын Эл Комиссарлар Кеңешинин төрагасы катары Жусуп Абдрахмановдун Кыргызстандын экономикалык, социалдык-маданий өнүгүшүндөгү ишмердүүлүгү каралган (1927-1933-жылдары);
6. 1931-938-жылдарда Жусуп Абдрахмановго коюлган саясий күнөөлөрдү жалган жалаалардын негизсиздигин тарыхый булактар, архивдик документтер жана сурамжылоодо топтолгон маалыматтарга таянып илимий тыянак чыгаруу менен анализ берилген;

Диссертациянын изилдөө объектисинин диссертациянын максаттарына жана милдеттерине ылайык келет.

**2. Диссертациянын темасынын актуалдуулугу төмөнкү аргументтер менен аныкталган.** 2024-жылы Кара-Кыргыз автономиялуу облусунун түзүлгөндүгүнүн 100 жылдыгына арналган юбилейлик иш-чараларды өткөрүүнүн алкагында азыркы Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн калыптанышына жана өнүгүшүнө сиңирген эмгегин жана ролун таануу максатында Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылы 24-июлдагы № 205 акыйкаттуу жарлыгында: “Кыргыз Республикасынын

жаңы тарыхында саясий элитанын өкүлдөрү – улуттук лидерлер Абдыкерим Сыдыковго, Иманалы Айдарбековго, Жусуп Абдрахмановго, Абдыкадыр Орозбековго, Ишеналы Арабаевге “азыркы Кыргыз мамлекеттүүлүгүн түптөгөн аталар” деген наам ыйгарылып, алардын Ата Мекен алдында өтөгөн эмгегин белгилөө менен кыргыз тарыхында али изилдене элек ишмердүүлүктөрүн ар тараптуу илимий изилдөөгө алуу сунушталды.

Кыргыз элинин көз карандысыздыгын коргоодо кыргыз совет мамлекеттүүлүгүнүн пайдубалын түзүүчүлөрдүн башында турган, өлкөнүн эркин өнүгүшү үчүн өмүрүн берген чыгаан мамлекеттик жана саясий ишмер Жусуп Абдрахмановдун көп кырдуу мамлекеттик ишмердүүлүгүн илимий изилдөөгө алуу кыргыз совет мамлекетинин түзүлгөндүгүнүн жүз жылдык тарыхын окуп-үйрөнүү үчүн да актуалдуу болуп эсептелет.

**3. Илимий жыйынтыктар**

Изилдөөгө алынган дисертациялык иште Кыргызстандын Совет мезгилдеги 1920-1930-жылдардагы өлкөнүн саясий-социалдык, маданий өнүгүүсүнө жана мамлекеттүүлүктүн пайдубалын түзүүчүлөрдүн башында турган Жусуп Абдрахмановдун ишмердигине анализ берилген. Изилдөөнүн далилдүү илимий жыйынтыктары бай илимий адабияттар менен архивдик тарыхый булактарга таянат.

**4. Диссертациядагы ар бир жыйынтыктын жана корутундунун (илимий жоболордун) негиздүүлүгүнүн жана ынанымдуулугунун деңгээли.**

Изденүүчү диссертацияда Совет мезгилиндеги Кыргызстандын өнүгүүсүнө олуттуу салым кошкон Жусуп Абдрахмановдун көп кырдуу мамлекеттик ишмердүүлүгүн изилдөөдө илимий адабияттардын жана түрдүү булактык материалдардын негизинде далилдүү материалдар менен бышыктаган.

**5. Диссертациялык иштеги ар бир илимий жыйынтыктын (жобонун), корутундунун жаңычылдыгынын денгээли.**

Изилденилип жаткан диссертациянын илимий жыйынтыктарынын жаңычылдык денгээли катары төмөнкүлордү белгилеп кетүүгө болот.

1-жыйынтык. Жусуп Абдрахмановдун ыргыз совет улуттук мамлекеттүүлүктү түптөөдө, Тоолуу Кыргыз областын түзүү, ККАОну уюштурууда, Кыргызстан Автономиялуу Республикасындагы, Ирандагы (Персия) элчилик жана Москвадагы Борбордук Комитеттеги ишмердүүлүгү изилдөөгө алынган;

2-жыйынтык. Жусуп Абдрахмановдун партиялык жооптуу кызматты аркалашы, анын мамлекеттик деңгээлде ой жүгүртүүсү, уюштуруучулук ж.б. ишмердүүлүгүнө анализ берүү илимий адабияттардын жана булактардын негизинде талдоого алынган;

3-жыйынтык. Жусуп Абдрахмановдун өрнөктүү өмүрү, саясий инсан катары калыптанышынын тарыхый шарттарын, көп кырдуу мамлекеттик жана коомдук-саясий ишмердүүлүгүн конкреттүү тарыхый материалдардын негизинде комплекстүү изилдөөгө алган.

4-жыйынтык. Кыргыз Советтик Социалисттик Автономиялуу Республикасынын Эл Комиссарлар Кеңешинин төрагасы (1927-1933-жылдары) катары Жусуп Абдрахмановдун Кыргызстандын экономикалык, социалдык-маданий өнүгүүсүнө кошкон салымына кененирээк анализ берилген.

5-жыйынтык. 1931-938-жылдарда Жусуп Абдрахмановго коюлган саясий күнөөлөрдү жалган жалаалардын негизсиздигин тарыхый булактар жана өз колу менен жазган “Күндөлүктүн” негизинде, архивдик документтер, сурамжылоодо топтолгон маалыматтарга таянып илимий тыянак чыгарылган.

**6. Диссертациянын илимий практикалык маанисин ачууда, изилддөөгө алынып чыгылган актуалдуу маселелерди чечүүдө иштин илимий жыйынтыктарынын ички биримдигин жана багыттуулугун баалоо.**

Жумалиева Венера Боронбаевнанын "Жусуп Абдрахмановдун мамлекеттик ишмердүүлүгү" деген темадагы диссертациясынын кол жазмасы Кыргыз Республикасынын (Бишкек, Каракол) жана Россия (Москва, Самара, Оренбург), Өзбекстан (Ташкент), Казакстан (Алма-Ата) табылган жаңы маалыматтарды илимий айлампага киргизүү аркылуу жана бай илимий адабияттар менен негизделген. Диссертант илимий изилдөөсүн ар тараптуу караганга аракет жасаган. Чогултулган материалдарды хронологиялык-системага салып, диссертацияда коюлган милдет жана максаттарын ачып берүүгө аракеттенген. Диссертациянын илимий жана практикалык маанисин ачууда, изилдөөгө алынып чыгылган актуалдуу маселелерди чечүүдө иштин илимий жыйынтыктарынын ички биримдиги жана багыттуулугу жетүүгө аракет жасалган.

**7. Диссертациядагы жетишилген илимий жыйынтыктардын практикалык мааниси.**

Диссертациядагы маалыматтарды, жыйынтыктарды жана сунуштарды Кыргызстандын тарых илимий изилдөөлөрдө, жеке инсандын тарыхый тааржымалын иликтөө ж.б. долбоорлордо колдонууга сунуштаса болот.

**8. Диссертациянын жыйынтыктарынын жана корутундусунун автордун тема боюнча жарыяланган эмгектеринде тастыкталышы.**

Диссертанттын изилденген маселе боюнча 1 монография, 14 макаласы жарыкка чыккан, анын ичинен чет өлкөдө жарыкка чыккан 2 илимий изилдөөдө чагылдырылган.

**9. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна туура келиши.**

Диссертациянын кол жазмасы эки тилде (кыргыз, орус) даярдалган автореферат диссертациянын мазмунуна дал келет жана диссертацияда максаты менен милдеттерине авторефераттын текстинде чагылдырылган материалдар бар. Автореферат кыргыз, орус жана англис тилиндеги резюмелер менен жабдылган.

**10. Диссертациянын мазмунундагы жана аны жабдуудагы кемчиликтер жана изденүүчүгө сунуштар**

Жумалиева Венера Боронбаевнанын диссертациялык ишинде жогоруда көрсөтүлгөн жетишкендиктер менен айрым бир мүчүлүштүктөргө бар.

1. Диссертациялык изилдөө ишинде 3-бапта орус-тузем деген терминди тактто зарыл, себеби бул мектепте окуган алгачкы кыргыз интеллигенциясынын өкүлдөрү бул мектептен билим алышкан.
2. Диссертациялык илимий иштеги (3-бап) кыргыз мамлекетинин көз карандысыздыгы үчүн болгон күрөштө топтук күрөш дагы орун алган. Ушул жерге кудайкуловдук топ тууралуу кененирээк берилсе деп сунуштайм. Себеби, 20-30 жылдары топтук күрөш курчуган мүнөзгө өткөн..
3. Илимий изилдөөдө сүйлөмдөр жана сөздөр кайталанып калган. Сүйлөмдөрдүн стилдик жана техникалык жагдайлары дагы каралууга тийиш.
4. Илимий иштин корутундусун жана практикалык сунуштарын кайрадан дыкат карап чыгуу шарт. Ошону менен катар колдонулган булактардын жана адабияттардын тизмеси ЖАКтын талаптарына ылайык келтирүү керек.

11. Диссертациялык кеңештин эксперти, Жакыпбеков Жаныбек Жакыпбекович сунуш кылынган документтерди жана диссертацияны карап чыгып, Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университети жана Кыргыз Республикасынын Улуттук

илимдер академиясынын Б. Джамгерчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институтуна караштуу Д 07.23.671 диссертациялык кеңешине 07.00.02 Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн Жумалиева Венера Боронбаевнанын "Жусуп Абдрахмановдун мамлекеттик ишмердүүлүгү" деген темадагы кол жазмасын жогоруда көрсөтүлгөн мүчүлүштүктөргө карабастан өз алдынча жазылган илимий эмгек деп эсептейт. Кыргыз Республикасынын Улуттук аттестациялык комиссиясынын кандидаттык диссертацияларга койгон талаптарына жооп берет жана диссертациялык ишти ачык коргоого сунуш кылат.

Эксперт,
тарых илимдеринин доктору                                        Жакыпбеков Ж. Ж..

19.03.2025-ж.

Расмий оппоненттин колун тастыктаймын:

Диссертациялык кеңештин
окумуштуу катчысы, т. и.д.                                        Карыева А. К.